УДК 368.48(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-74-80

**Намазалиева М.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
meerim.kaimova@ mail.ru

## КЫРГЫЗСТАНДА ПЕНСИЯ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАКШЫРТУУНУН ШАРТТАРЫ

**Аннотация.** Бул илимий макала Кыргыз Республикасынын пенсиялык системасынын учурдагы абалын, негизги көйгөйлөрүн жана өнүктүрүү жолдорун изилдөөгө арналган. Изилдөөдө пенсиялык системанын финансылык, структуралык жана социалдык көйгөйлөрү талданып, аларды чечүүнүн кыска, орто жана узак мөөнөттүү сунуштары берилген. Макалада пенсиялык системаны өнүктүрүүнүн мыйзамдык, институционалдык жана технологиялык механизмдери каралып, практикалык сунуштар иштелип чыккан. Изилдөө жыйынтыгында пенсиялык системаны реформалоонун комплекстүү мамилеси сунушталып, пенсионерлердин жашоо деңгээлин жогорулатуу, системанын финансылык туруктуулугун камсыздоо жана социалдык адилеттүүлүктү күчөтүү боюнча конкреттүү чаралар белгиленген.

**Негизги сөздөр:** пенсиялык система, социалдык фонд, реформа, пенсиялык камсыздоо, социалдык коргоо.

**Намазалиева М.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
meerim.kaimova@ mail.ru

## УСЛОВИЯ УЛУЧШЕНИЯ ПЕНСИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация.** Данная научная статья посвящена изучению современного состояния, основных проблем и путей развития пенсионной системы Кыргызской Республики. В исследовании были проанализированы финансовые, структурные и социальные проблемы пенсионной системы и даны краткосрочные, среднесрочные и долгосрочные рекомендации по их решению. В статье рассмотрены законодательные, институциональные и технологические механизмы развития пенсионной системы, разработаны практические рекомендации. В результате исследования был предложен комплексный подход к реформированию пенсионной системы, определены конкретные меры по повышению уровня жизни пенсионеров, обеспечению финансовой устойчивости системы и усилению социальной справедливости.

**Ключевые слова:** пенсионная система, Социальный фонд, реформа, пенсионное обеспечение, социальная защита.

**Namazalieva M.K.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
meerim.kaimova@ mail.ru

## CONDITIONS FOR IMPROVING PENSION PROVISION IN KYRGYZSTAN

Annotation. This scientific article is devoted to the study of the current state, main problems and ways of developing the pension system of the Kyrgyz Republic. The study analyzed the financial, structural, and social problems of the pension system and provided short-, medium-, and long-term recommendations for their resolution. The article examines the legislative, institutional and technological mechanisms for the development of the pension system, and develops practical recommendations. As a result of the study, a comprehensive approach to reforming the pension system was proposed, specific measures were identified to improve the standard of living of pensioners, ensure the financial stability of the system and strengthen social justice.

**Keywords:** pension system, Social Fund, reform, pension provision, social protection.

Пенсия саясаты мамлекет менен коомдун негизги жана орчундуу иштеринин бири. Коом жана мамлекет келечек муундун тарбиясы, билими тууралуу канчалык терең деңгээлде кам көргөн сыяктуу эле, улгайган адамдардын жашоосунун, ден соолугунун бакубат абалда болушуна шарт түзүүгө милдетүү. Улуу муундун саламаттыгына, узак жашоосуна көңүл бура албаган мамлекеттин келечеги болбогондугу тууралуу көптөгөн ой жүгүртүүчүлөр, акылмандар кайталап келишкен.

Калкты социалдык тараптан толук камсыздай алуу дүйнөдөгү бардык эле мамлекеттердин колунан келе бербейт. Бул багыттарда салыштырмалуу чоң ийгиликтерге жетише алган. Европанын бир катар өлкөлөрү, Япония, Канада дагы эле социлдык багытта жетишпегендиктери бар экендигин айтышат. Албетте, аталган өлкөлөр бизден алда канча алдыда жана салыштыруу мүмкүн эмес. Ошентсе да, алардын тажрыйбасына, аткарган иштерине көз чаптырып, кай бирлерин пайдалануу ашыктык кылбайт [2].

Дүйнө өлкөлөрү өнүгүү денгээлине, тарыхий калыптануусуна жараша ар кандай социалдык камсыздоолорду колдонушат. Мисалга, Кытай Эл Респуликасында көптөгөн өлкөлөрдөн бир кыйла эле айырмаланган пенсиялык система ишке киргизилген. Кытай Эл Республикасынын ишке жарамсыз болуп калган учурун камсыздоого максат койгон арбир жараны өз алдынча фонд түзүп, каражат топтоого укугу бар. Ал жаран ишке жарамсыз учурунан баштап, каражатын каалагандай пайдалана алат. Эгерде жарандын көзү өтүп кетсе, каражат мураскерлерине өткөрүлөт. Аталган системанын ийгиликтүү иштешинин себептеринин бири фонддордун сакталышына, калыптанышына, туура иштешине көз сала турган мамлекеттик гарантиялар бар.

Улгайган адамдарды эмгекке жарамсыз учурунда пенсия менен камсыздоо көптөгөн факторлорго көз каранды. Алардын эң негизгилери: экономиканын өнүгүү, же төмөндөө денгээли, бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнүн тең салмактуулугу. Мындан тышкары, бул көрсөткучтөргө салык саясаты, эмгек акылар, каржылоо булактары, инвестициялык абал сыяктуу көрсөткүчтөр таасир берет. Дагы бир маанилүү жагдай дайыма өзгөрүлүп турuучу өлкөдөгү демографиялык абал. Тилекке каршы, көптөгөн экономисттер, аналитиктер бул жагдайга жетишээрлик көңүл бурбай келишет. Изилдөөлөрдө экономикалык абал, бюджет жана топттоолор тууралуу көп сөздөр айтылып, демографияга учкай гана көнүл бурулуп, кай бир учурда унутулуп калат. Ошондуктан, бул макалада бир аздан соң кенирирээк маалымат келтирмекчимин.

Кыргызстанда азыркы учурда иштеп жаткан пенсиялык система камсыздандыруу салымдарына жана пенсиялык топтомдорго негизделген. Башкача айтканда, ар бир адам иштеп жүргөн убагында өзу топтогон камсыздандыруу слымдарына жана пенсия топтомдоруна жараша чектелген пенсияга ээ [1].

Эң алгачкы байкалаарлык өзгөртүүлөр пенсиялык касыздандырууну жакшыртуу максатында 1997-жылдан баштап киргизиле баштаган. Баарыдан мурда камсыздоо салымынын ролун чощойтуу максатында жаранды персоналдаштырылган каттоого алуунун системасы жөнгө салынган. Мындай система КМШ өлкөлөрүнүн ичинен алгачкылардан болуп киргизилгендигин эске салуу өзгөрүүнүн маанилүү экендигин айкындайт.

2010-жылдан баштап, пенсиялык саясатты терең, негиздүү жана маанилүү реформалоо башталган. Бул жолу пенсиялык системага кызматкердин айлык акысынан алгач 2 пайыз, андан сощ 8ден 10 пайызга жеткен топтоо компоненти киргизилген. Бул компоненттин негизги максаты пенсиялык системаны жогоруда айтылган дайыма болуп туруучу демографиялык өзгөрүүлөрдөн коргоо болгон.

Өзгөрүүлөр киргизилген учурдан баштап, пенсиялык система 3 бөлүктөн туруп,ар бири турукташтырылган милдеттерин аткарууда.

1. Мамлекеттик милдеттүү кызматташтык системасы.
2. Милдеттүү топтоштуруу системасы.
3. Индивидуалдык ыктыярдуу топтоштуруу системасы.

Биринчи система пенсиянын негизги бөлүгүн түзүп, жумушкердин 1996-жылга чейинки топтогон стажысын эсепке алат.

Экинчи система мамлекеттик жана менчик ишканаларда, уюмдарда, мекемелерде иштегендер үчүн милдеттүү болуп саналып, жумушкерлердин айлык акысынын 2 пайызы ар ай сайын пенсия топтомуна кошулуп турат.

Үчүнчү системага жарандардын ыктыярдуу ар ким каалоосуна жараша болгон өз алдынча топтомдору кирет.

Пенсия топтомуна камсыздоо салымдары 1964-жылдын 1-январынан мурда туулган эркектердин жана 1969-жылдын 1-январынан мурда туулган аялдардан башка бардык иштеген адамдар үчүн милдеттүү түрдө төлөнөт.

Пенсиялык топтомдорду чогултууда ар бир жаран ар бир гана пенсиялык фонддо боло алат, ошондой эле эгерде башка фондго которулгусу келсе, мурда топтогон каражаттарын которуп ала алат.

Ыктыярдуу пенсиялык фонддор дүйнөлүк пенсиялык системалардын тарыйбаларын эске алуу менен түзүлүп, көбүрөөк киреше тапкан жарандар үчүн пайдалуу келет жана келечекте бакубат жашоого бир далай эле өбөлгө түзөт. Бул системада, албетте, тобокелчилик бар, себеби схема толук бойдон аталган фонддун каржылоосуна гана көз каранды.

Ыктыярдуу фонддор негизинен мамлекеттик эмес уюмдар. Азыркы учурда аталган сектор абдан эле начар өнүгүүдө. Анын негизги себептери – калктын кирешесинин төмөндүгү жана менчик каржылык уюмдарга элдин ишениминин аздыгы. Мындай көрүнүш, албетте, пенсия системасынын оңолушуна терс таасирин тийгизет. Анткени, ар бир зле системада адилеттуу, калыс атаандаштыктын болушу өнүгүүгө өбөлгө түзөөрү белгилүү. Бул тармактын толук кандуу иштеп кетишине, менимче, мамлкеттин жардамы зарыл. Мисалга, кандайдыр бир гарантиялык уюмдарды түзүү, инвестиция тартуу сыяктуу шарттар болсо, максатка ылайыктуу болмокчу [3, С. 48].

Жалпысынан алганда, пенсиялык система дайыма туруктуу жана келечекте иштеши үчүн мамлекет тарабынан гарантияланып, ошондой эле ар бир жарандын жоопкерчилигине таянуусу зарыл.

Бул маселени ишке ашырууда мамлекет тарабынан акыркы жылдарда бир кыйла аракеттер болду. Алгачкы ийгиликтүү кадамдардын бири болуп, ЕАЭБ өлкөлөрү аралык пенсиялык камсыздоо боюнча келишимге кол коюлушуна жетишилгендигин белгилей кетүү маанилүү.

Дал эле ушундай эле келишимдер Туркия жана Түштүк Корей өлкөлөрү менен дагы түзүлгөн. Калкыбыздын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн көпчүлүгү аталган өлкөлөрдө күн кечирип, эмгектенип жүргөндүгүн эске алганда, бул документтердин пенсия сситемасына, жалпы эле экономикабызга тийгизген оң таасирин белгилеп кетким келет.

Келишимге ылайык, биздин чет жерлердеги эмгекчилер өздөрү иштеп жүргөн өлкөнүн жарандары ээ болгон бардык мамлекеттик гарантияларга бирдей ээ болушат. Эмгекке жарамсыздык, эмгектик өргүү, энеликке байланыштуу өргүү, өндүрүштөгү кырсыктарга байланыштуу төлөмдөрдүн бардыгы алар иштеген өлкөлөрдүн жарандары менен бирдей дещгээлде каралат. Булардын бардыгынан тышкары аталган өлколөрдүн жарандары пайдалана турган акысыз медициналык жардамдар, тез жардамдар дагы келишимдерде эске алынган [8, С. 185].

Албетте, эске ала турган дагы бир маанилүү жагдай, биздин чет жактарда иштеп жүргөн мекендештерибиз канчалык денгээлде аталган келишимдер менен кабардар болду экен деген суроо туулбай койбойт. Канчалык денгээлде биздин элчилерибиз, консулдарыбыз иш жүргүзүп, эгерде укуктар бузулса,кандай чаралар колдонулат экен, бул тууралуу маалымат жокко эсе. Чындыгында, бул маселени башка макала аркылуу көтөрүп чыгуу зарыл.

Ал эми республикадагы пенсия маселесине кайрыла турган болсок, 2010- жылга чейин киргизилген төмөнкүдөй жетишкендиктерди белгилесек болот:

- Кыргызстанда туруктуу жашап иштеген, киреше булактары менен камсыз болгон чет элдиктер үчүн милдеттүү мамлекеттик камсыздоо салымдары белгиленген.
- Камсыздандыруу салымдары 1999-2010-жылдары бир аз болсо да кыскартылган.
- 2009-жылы пенсиянын камсыздоо бөлүгүн индексациялоо тууралуу норма киргизилген.
- Социалдык фонддо өздүк керектөөдөн ашыкча топтолгон каражаттарды коммерциялык банктарга депозитке коюу ишмердүүлүгү ишке ашырыла баштаган.
- Пенсиялык системанын каржылык туруктуулугун камсыздоо максатында резервдик фонд түзүлгөн.

*Коммерциялык банктарга пенсиялык эсептер ачылып, төлөмдөр банктар аркылуу жүргүзүлө баштаган.

Социалдык фонд дүйнөлүк практикага ылайык өзүнүн социалдык миссиясын аткаруунун алкагында кай бир төлөмдөрдү ишке ашырууда. Бул төлөмдөр пенсиялык топтомдордун эсебинен төлөнүп, жогоруда айтылган индексация колдонулуп, жарандар өздөрү топтогон каражат ала алышат.

Мындай төлөмдөрдү алууга төмөндөгү жарандар укуктуу:

- Пенсияга чыгып кеткендер;
- Пенсия чектөөгө кайрылгандар;

- Чет өлкөгө чыга турган же чыгып кеткен пенсионерлер;
- Ипотекалык насыя алгандар
- Жубайлары, балдары, ата-энелери, өздөрү олуттуу ооруга чалдыккандар.

Бул сыяктуу төлөмдөр жогоруда келтирилген жарандардан тышкары адамдарга аз гана жардам сыяктуу сезилгени менен жардам алгандарга бир топ зле женилдик берээри чындык.

Мамлекет тарабынан каралган бардык чараларга карабастан, азыркы учурдагы Социалдык фонддун каражаттары пенсионерлерди керектүү денгээлде камсыздоого жетишсиз.

Ушул жерден белгилей кетчү жагдай керектүү денгээл делген түшүнүк, албетте, эл аралык стандарттардын түшүнүктөрүнөн бир кыйла эле төмөн.

Түзүлгөн абалды жөнгө салууга мамлекет жана коом тарабынан көптөгөн иш аракеттердин жүзөгө ашырылышы талап кылынат. Алардын негизгилеринин бири Социалдык фондго кошумча каражаттарды тартуу.

Албетте, бардык эле маанилүү долбоордун турмушка ашырылып, толук кандуу иштеп кетишине анын ар тараптан изилдениши, туура долбоорлонушу өбөлгө түзө тургандыгы белгилүү

Изилдөөнүн эң негизги компоненттеринен болуп, калктын демографиялык абалы, жаштары улгайган жана эмгекке жарамдуу ишке тартылган адамдардын саны,калктын жалпы эле жашоосунун узактыгы саналат.

Кыргызстанда акыркы жылдарда калктын эмгекке жарамдуу бөлугунүн акырындап жана бир кыйладан азайышы байкалууда. Бул көрсөткүч 2022-жылда жалпы калктын санынын 56,6 пайызын түздү. Мындай көрүнүш 1995 – 2000-жылдардагы балдардын аз санда төрөлүшү, эмгекке жарамдуу калктын сыртка карай агылышы менен байланыщтуу [10, С. 27].

1960-жылдары мурдагы мезгилге салыштырмалуу бир далай эле көбүрөөк төрөлгөн жарандар пенсия жашына жеткенден улам, эмгекке жарамсыздардын саны жыл санап өсүүдө (2022-жылы – 8,9%). Алардын басымдуу көпчүлүгүн (68,5%) аялдар түзөт. Буга себеп аялдардын жашоосунун узактыгы жана алардын пенсия курагынын 5 жылга төмөндүгү. Айырмачылыктар 40 жаштан өйдө байкала баштап, 80 жаштан баштап, аялдардын саны 2 эсеге жогорулайт.

Өткөн кылымдын 1990-2000-жылдарында төрөлүүнүн азайышы да кары адамдардын кескин көбөйүп кетүүсүнө себепкер болду.

Калктын 65 жаштан ашкан адамдары 4 же андан аз пайызды түзгөн учурда өлкөнүн калкы жаш деп эсептелинет. Бул көрсөткүч 4 төн 7 пайызга чейин болсо, өлкө карылыктын босогосунда болуп, 7ден жогору учурда карылар өлкөсүнө кирет. 2023-жылда Кыргызстанда жашы улгайгандар 5,4 пайызга жетип, карылыктын босогосунда тургандыгыбызды билдирген.

Бирок, бизде КМШ өлкөлөрүнүн ичинен алганда аталган көрүнүш бир кыйла төмөн. Мисалга, Азербайжан менен Казакстанда – 8,5%, Россия менен Беларуста – 16,5%.

БУУ Кыргызстанда жашы 65 тен жогору адамдардын үлүшү 2030-жылдарда 7% га жетет деп болжоодо.

Биздин өлкөдө эркектердин жашоо узактыгы 66,3 жыл, аялдардыкы – 74,5 жыл. Бул көрүнүш көп эле адамдар пенсия жашына жеткени менен, аталган куракка жете албагандыгынан кабар берет.

Өлкөнүн экономикасынын басымдуу бөлүгүн айыл чарбасы, формалдуу эмес сектор, эмгек миграциясы түзүп, пенсия системасында кыйындыктар жаралууда. Пенсиялык камсыздоо дагы эле төмөнкү дещгээлде. Пенсионерлердин 58 пайызы мамлекет тарабынан

акыркы учурларда көрүлгөн аракеттерине карабастан,  жашоо минимумуна жетпеген акча алышат. Жумушкерлердин акылары төмөн болгондуктан, камсыздоо салымдары дагы аз. Экинчиден, өзгөчө пенсия алуучулардын саны да арбын. Үчүнчүдөн, айыл чарба секторунда камсыздоо төлөмдөрү төмөн [7, С. 113].

Айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн алгач камсыздоо салымдарын теңдөө зарыл.

Бүгүнкү күндө пенсиялык саясат реформалоого муктаж. Канчалык деңгээлде муктаж экендигин акыркы реформа 2010-жылы жүргүзүлгөндүгүн эскертсек жетиштүү.

Бул маселени чечпей коюу бардык мамлекеттик түзүлүштү каржылык жана социалдык кризиске алып келээрин изилдөөчүлөр айтышууда.

2023-жылы Социалдык фонд өзгөртүүлөрдү сунуштаган учурда Жогорку Кенеш кабыл албагандыгы жалпыбызга белгилүү.

**Корутунду**

Пенсия саясаты жашоодогу бардык кыймылдар сыяктуу эле дайыма өзгөрүүгө, реформага муктаж. Бул максатты ишке ашыруу үчүн учурдагы экономикалык абалды коомдогу өзгөрүштөрдү изилдөө зарыл.

Пенсиялык реформа ар бир жаран менен мамлекеттин, коом менен мамлекеттин инвестор компаниялардын, ар кайсы өлкөлөрдүн, түрдүү муундагы адамдардын ортосундагы узак мөөнөттүү милдеттерин жана келишимдерин камтыйт. Ушундан улам жоопкерчиликти, ортодогу ишенимди жана глобалдык, экономикалык системалардын алкагында жаралган баалуулуктарды камтыган өзгөчө тармак пайда болот.

Мамлекеттин пенсиялык саясатынын түпкү максаты болуп, тең салмактуу камсыздоону турукташтырууга негиз жаратуу саналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн убакыттын өтүшүнөн келип чыккан инфляция, индексация сыяктуу маселелерди аныктап туруу зарыл.

Бул макала пенсия саясаты сыяктуу көп кырдуу тармактын бир гана тарабын көрсөтүүгө аракеттенип, калкты пенсия менен камсыздоонун калыптанышына түрткү бере турган бир нече факторду камтыды.

**Колдонулган адабияттар тизмеси**


1. "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2023-жылдын өзгөртүүлөрү менен)
2. "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы
3. Абдиева А.К. Кыргыз Республикасындагы пенсиялык системаны реформалоонун актуалдуу маселелери // Экономика жана финансы. – 2022. – №3. – 45-52-б.
4. Джумабаев К.Т. Пенсиялык системаны өнүктүрүүнүн эл аралык тажрыйбасы // Вестник КЭУ. – 2023. – №2. – 78-85-б.
5. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылдагы отчету. – Бишкек, 2023.
6. Социалдык-экономикалык статистика. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. – Бишкек, 2023.
7. Токтомаматов И.Б. Пенсиялык камсыздоо системасынын өнүгүү тенденциялары // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – 2023, №1. – 112-118-б.
8. Турсунова Н.М. Кыргызстандагы социалдык коргоо системасынын абалы жана өнүгүү перспективалары. – Бишкек: Илим, 2022. – 185 б.
9. "2040-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын социалдык өнүгүү стратегиясы"

10. Эсенбаев Р.С. Пенсиялык системаны модернизациялоонун экономикалык аспектилери // Экономика жана бизнес. – 2023. – №4. – 25-32-б.
11. World Bank Report: Pension Systems in the Kyrgyz Republic: Challenges and Opportunities. – 2023.
12. IMF Country Report: Kyrgyz Republic – Social Security Reform. – 2023.
13. Asian Development Bank. Social Protection Brief: Pension Reform in Kyrgyzstan. – 2022.
14. OECD Pensions Outlook 2023: Central Asian Perspective.
15. United Nations Population Fund. Demographic Trends in Kyrgyzstan: 2023 Report.

**Рецензент: саясий илимдердин кандидаты, доцент Нурматова Г.А.**